4.5.

# №97 ЖАЛПЫ ОРТО БИЛИМ БЕРҮҮ МЕКТЕБИНЕ ОКУУЧУЛАРДЫ КАБЫЛ АЛУУНУН ТАРТИБИ ЖӨНҮНДӨ ЖОБО

**КАРАЛДЫ**

Педагогикалык кеңештин
№ 1- токтому

«30» август 2022-ж.

**БЕКИТЕМ**

№97 жалпы орто билим берүү мектебинин директору

З.Э. Жээнтева

«30» август 2022-ж.

**№97 жалпы орто билим берүү мектебине окуучуларды кабыл алуунун тартиби жөнүндө**

**ЖОБО**

***1. Жалпы жобо***

1.1.Буд Жобо окуучуларды мектепке кабыл алуу тартибин жөнгө салууга негизделген жана төмөндөгү укуктук ченемдердин негизинде түзүгөн:

Кыргыз Республикасынын "Билим берүү жөүндө" мыйзамы;

• БУУнун Башкы Ассамблеясы тарабынан 20.11.89-жылы бекитилген "Баланын укуктары жөнүндө" конвенция;

• №97 жалпы орто билим берүү мектебинин Уставы.

1.2. Бул жобо мектепке кабыл алуу, класстан класска жана башка мектепке которуунун тартибин аныктайт.

**2. Мектепке окуучуларды кабыл алуунун тартиби.**

2.1.№97 жалпы билим берүү орто мектебине окуучуларды кабыл алуу тартиби Кыргыз Республикасынын жарандарынын (мектеп жашындагы балдар) жынысына. улутуна, тилине, социалдык абалына, ден соолугунун мүмкүнчүлүгү чектелгендигинде, дин тутуусуна, саясий жана диний ынанымдарына, жашаган жерине жана башка жагдайларга карабастан башталгыч, жалпы негизги жана жалпы орто билим алуусу үчүн мектепке кабыл алууну жөнгө салат.

2.2.Кыргыз Республикасынын аймагындагы башка мамлекеттердин жарандары жана жарандыгы жок адамдар Кыргыз Республикасыны мыйзамына ылайык билим алышат.

2.3.№97 жалпы орто билим берүү мектебине мектептин аймагыда жашаган жана каттоосу бар мектеп жашындагы окуучулар, бош орун болгондо башка аймактын жашоочулары кабыл алынат.

2.4.Мекеменин буйругу менен окуучулардын кыймылы теске сальнып, алфавиттик китепке жана класстык журналга буйруктар жазылат.

2.5.Мектепке кабыл алыган окуучулардын ата-энелери (аларды алмаштырган мыйзамдуу өкүлдөрү) мектептин уставы жана ички тартип эрежелери, окуучулардын ата-энелеринин укуктары жана милдеттери менен тааньшат жана арызга таанышкандыгы боюнча арыздын ээсинин колу коюлат.

2.6.Окуучулары 1-класска кабыл алуу электрондук каттоо аркылу жүргүзүлөт.

2.7. Мектепке кабыл алуу үчүн ата-эненин өзүнүн арызы (мыйзамдуу окул), документтеринин туп нускасы:

• окуучунун фамилиясы, аты, атасынын аты(окуучунун өзү), окуучунун.

идентификациялык номери ИНН.

- туулгандыгы жөнундө күбөлүктүн көчурмөсү
- ата-энеси жөнүндө толук маалымат паспортунун копиясы (фамилиясы,аты, атасьны аты жана мыйзамдуу өкүл):
- окуучунун жашаган жери, (ата-энесинин, мыйзамдуу өкүл) жашаган аймаггынан справка;
- ата-энеси менен байланыш телефондору, иштеген жери.
- медициналык карточкалары Форма №26,63 талап кыльнат.

**3. Окуучуларды кабыл алуу жана класстарды комплектилөө**

3.1.Документи кабыл алуу менен окуучунун мектепке кабыл алынгандыгы боюнча буйруктар чыгарылып классы аныкталат жана 1 - классынын окуучусуна өздүк дело түзүлөт.

3.2.Мектепке кабыл алуу 2-класстан тартып эч кандай кирүү сынактары жок жүргүзүлөт жана окуучунун билим денгээлин аныктоо максатында маектешүү жолу менен алышат.

3.3.Мектеп микроучастогундагы мектеп жашындагы окуучуларды кабыл алгандан кийин, мектептин микроучастогуна карабаган аймактардан окуучуларды кабыл алынат. Башка билим беруу мекемелерден келген окуучулардын билими программалы материалды өздөштурүүсү класска туура келген учурда гана кабыл алынат.

3.4.Окуучулардын кабыл алгандыгы боюнча буйруктар чыгарылат,

3.5.Мүмкүнчүлүгү чектелген окуучулар, медициналык көрсөтмө боюнча чектелген шарт болгондо ата-энесинин кайрылуусу жана билим берүү боюнча жогорку башкаруу органдарынын макулдугу менен билим алуу үчүн үйдөн окутуу шартында кабыл алынат.

3.6.Окууулардын жекече маалыматтарын түзүү боюнча, ата-энелердин макулдугун кол коюу менен тастыкталат.

3.7. Кабыл аынган документтер жана арыз каттоодон өткөрүлүп, окуучунун өздүк делосуна алфавиттик номери берилет.

**4. Окуучуларды башка билим берүү мекемелерине которуу**

4.1. Башка мектепке которулууда окуучунун башка мектепке кабыл алынгандыгы жөнүндө маалымкат жана ата-энесинин арызы талап кылынат.

4.2. Талап кылынган маалымкатты алып келген учурда кеткен окуучунун ата-энесинин колуна төмөнкү документтер берилет:

- баа коюлган ведомость(печать менен):
- окуучунун өздүк делосу
- медициналык справка (мед. кабинет)